Даарат ушатууга барганыңарда кыбалага жүздөнүп отурбагыла, артыңарды да салбагыла. Чыгышка же батышка жүздөнүп отургула

Абу Айуб Ансари (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Даарат ушатууга барганыңарда кыбалага жүздөнүп отурбагыла, артыңарды да салбагыла. Чыгышка же батышка жүздөнүп отургула". Абу Айуб айтат: Биз Шам тарапка барганда ал жакта даараткананы кыбылага каратып салынган экен, биз бурулуп отуруп, анан Аллахтан кечирим айтып жүрдүк.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) заара кылганы же заңдаганы даарат ушатууга барган адамды кыбылага, Кааба тарапка карап отуруудан жана ал жакка артын салып отуруудан тыйган. Тескерисинче, күн чыгышка же батышка бурулуп отурууга буйруган. Бул кыбыласы Мединанын кыбыласы сыяктуу болгон жерлерге тиешелүү. Анан Абу Айуб (Аллах андан ыраазы болсун) алар Шамга барганда, атайын даарат ушатуу үчүн курулган даараткаланар кыбыла тарапка карап курулганын көргөнүн айтат. Ошондо алар башка бир тарапка бурулуп отуруп жүрүшкөнүн, ошого карабай Аллахтан кечирим тилеп жүрүшкөнүн айтат.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3078